**Изденүүчү Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россия жогорку окуу жайлар алкагындагы кызматташтыгы (1991-2011-жж)» аттуу диссертациялык ишинин кол жазмасына (кыргыз тилинде жазылган) илимий жетекчинин**

**ПИКИРИ**

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын диссертациялык ишинин актуалдуулугу талашсыз.

Эмгекте эгемендүүлүк мезгилиндеги Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын, 1991-жылдан баштап 2011-жылга чейинки аралыктагы кызматташтыгы иликтенген. Эгемендүүлүк мезгилиндеги эки мамлекеттин жогорку окуу жайлар алкагындагы байланыштары Ата мекендик тарыхчы – окумуштуулар тарабынан атайын изилдене элек.

Узак тарыхый байланышы бар Кыргызстан – Россия ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгүөз ара байланыштар, албетте мамлекетибиздин социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, өлкөлөрдүн мамлекеттер аралык ар тараптуу кызматташуусунда жана кыргыз коомуна зарыл болгон заманбап адистерди даярдоодо чоң роль ойноп ала тургандыгы талашсыз.

Алыкулова Гүлбү Корошовна диссертациясынын концепциясын, максатын, милдеттерин туура жана так аныктай алган. Коюлган максат, милдеттерге жетүүүчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик борбордук

архивиндеги, билим берүү министрлигиндеги, бир канча ЖОЖдордун мезгилдүү архивдериндеги жана ошондой эле мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланган материалдарды, диссертацияны жазууда кеңири пайдаланып, эмгекти жазууга жетишкен.

Эмгектин корутундусу иликтөөчүнүн эмгегинин жыйынтыгын кыска мазмундуу көрсөтүп турат.

Гүлбү Корошовна диссертациялык ишти жазуу учурунда өзүн жетишээрлик деңгээлдеги тарыхчы-изилдөөчү катары көрсөтө алды.

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын диссертациялык ишке коюлуучу илимий –теориялык, илимий-практикалык, методологиялык талаптарга толугу менен жооп берет жана эмгекти ЖАКтын отурумуна коргоого сунуштайм.

**Илимий жетекчи: т.и.д., проф.** **Н.У. Курбанова.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ